| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**"ПАМИР-АЛАЙ" АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА "ПАМИР-АЛАЙ"** |

**Памир-Алайайылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги 13- отурумунун ТОКТОМУ**

2025-жылдын 25-июлу№ 28 Сары-Таш айылы

**Лизингге кызматтык автоунаа алуу боюнча ыйгарым укук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-июлундагы №633 тескемесине жана "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ААКсынын 2025-жылдын 30-июлундагы №1-08-2/210 катына ылайык, Памир-Алай айыл өкмөтүнүн ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана калкка ыкчам кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуу максатында, Памир-Алай айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Памир-Алай айыл өкмөтүнүн башчысы Анарбаев Кутманали Асатиллаевич Кыргыз Республикасынын белгиленген тартибине ылайык, "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ААКсы менен кызматтык автоунаа алуу боюнча лизинг келишимин түзүү үчүн ыйгарым укуктуу деп табылсын.

2. Лизингге алынуучу автотранспорт үчүн төлөмдөрдү аткаруу максатында, Памир-Алай айыл өкмөтүнүн 2025-2026-жылдардагы жергиликтүү бюджетинен каражат каралсын.

3. Памир-Алай айыл өкмөтүнүн башчысы лизинг келишиминин талаптарын аткаруу жана милдеттенмелерди өз убагында камсыз кылуу боюнча жоопту болуп эсептелсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет жана экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Айтматов**